DOI:10.26104/NNTIK.2023.14.14.054

*Сааданбекова Ч.И.*

# АЯЛДАРДЫН ӨЗҮН-ӨЗҮ РЕАЛИЗАЦИЯЛООСУНУН ОНТОЛОГО-ГНОСЕОЛОГИЯЛЫК ЖАНА АКСИОЛОГИЯЛЫК МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ

*Сааданбекова Ч.И.*

# ОНТОЛОГО-ГНОСЕОЛОГИЧЕСКИЕ И АКСИОЛОГИЧЕСКИЕ ХАРАКТЕРИСТИКИ САМОРЕАЛИЗАЦИИ ЖЕНЩИН

*Ch. Saadanbekova*

# ONTOLOGICAL-GNOSEOLOGICAL AND AXIOLOGICAL CHARACTERISTICS OF A WOMAN SELF-REALIZATION

*УДК: 1.001:37.037:316.3/159.923.2*

*Автордун аталган макаласында аялдардын коомдогу ордун талдоо үчүн маданияттагы аныктамаларына кайрылат. Адам жана жыныс түшүнүгүнүн өз ара байланышын иликтөө маданий генезис маселесин кароону талап кылат. Чыныгы адамзат тарыхы теңчиликтен башталып коомдун өнүгүү деңгээли жана экономиканын мүнөзү менен аныкталган. Адамдар көчмөн жашоо образын жүргүзүп, чарба өздөштүрүп, алгачкы маданияттын неолит доорунун (жаңы таш доору) башталышына чейин сакталып турган. Жыныс ортосундагы теңсиздиктин пайда болушуна неолит революциясы түрткү болгон, анын жүрүшүндө адамдар отурукташкан жашоо образына өтүп, экономикасы өндүрүмдүүлүккө ээ болот. Бул эркектердин социалдык ролун жогорулаткан. Адатта маданияттын пайда болуусу патриархат менен байланыштырылат, анын себебин матриархат доорунда эмгек куралдарынын жана технологиялардын өнүкпөгөндүгү түшүндүрөт.*

***Негизги сөздөр:*** *аялдар, коом, маданият, адам, гендер, генезис, патриархат, матриархат, эмгек шаймандары, технологиялар.*

*В данной статье автор для анализа места женщины обществе обращается к определениям культуры. Для исследования взаимосвязи концепта человека и пола необходимо рассмотреть вопрос культурогенеза. Люди вели кочевой образ жизни, освоили земледелие, а первобытная культура сохранялась до начала нового каменного века. Гендерное неравенство было вызвано неолитической революцией, во время которой люди стали вести более оседлый образ жизни, а экономика стала более продуктивной. Это повысило социальную роль мужчины. Возникновение культуры обычно связывают с патриархатом, и причина этого объясняется неразвитостью орудий труда и технологий в эпоху матриархата.*

***Ключевые слова:*** *женщины, общество, культура, мужчина, гендер, генезис, патриархат, матриархат, орудия труда, технологии.*

*In this article the author turns to the definitions of culture to analyze the place of a woman in society. To study the relationship between the concept of a human being and gender, it is necessary to consider the issue of cultural genesis. People had a nomadic way of life, mastered agriculture, and primitive culture was preserved until the beginning of the new stone age. Gender inequality was caused by the Neolithic revolution, during which people began to lead a more settled way of life, and the economy became more productive. This increased the social role of men. The emergence of culture is usually associated with patriarchy, and the reason for this is due to the underdevelopment of tools and technologies in the era of matriarchy.*

***Key words:*** *women, society, culture, man, gender, genesis, patriarchy, matriarchy, tools, technologies.*

Аялдардын маданияттагы ордун талдоо үчүн анын аныктамаларын тактоо керек. Аман-эсен калуу жана тукум улоо стратегиясы матриархат доорундагы адамдарды ойлондурган маселе болгон. Эрих Фромм адамдын табиятындагы эркек жана ургаачы, энелик жана аталык башаттарына кайрылганда ушул ойду келтирет [1, 2, 3]. Адам биринчиден рух, акыл, эң-сезим, экинчиден дене, жаратылыш, сезимден турат. Фромм, биз эч качан өз ара күрөшкөн эки тенденциядан эркин боло албайбыз: бир тарабынан эненин ичинен, жандык (организм) формадан адамдыкка, кулчулуктан эркиндикке өтүүдөн; экинчи тарабынан – эненин курсагына, жаратылышка, коопсуз жана белгилүү абалга кайтуудан турат [1]. Башкача айтканда, адамдын жаратылышындагы эненин курсагында калуу эңсөөсү менен жеке автономияга умтулуусунун ортосунда априори конфликт болуп турган.

Адам турмушунда ургаачы жана эркек, энелик жана аталык интенцияларынын оң жана терс учурлары өзүнүн ордун алат. Жашоого канааттануу – бул теңчилик матриархаттык түзүлүшкө мүнөздүү сезимдер. Адамдар жаратылыштын жана эненин балдары болгондой эле, алардын бири бири менен баары тең, муктаждыктарга тең укуктуу жана бул баа жеткиз жалгыз баалуулукту – жашоону аныктайт.

Ага карабастан этнографтар матриархатты жана патриархатты эки баштапкы маданият булактары ирээтинде айырмалап карашат. Матриархат көбүн эсе идеалдаштырылып көрсөтүлөт жана бул кокустуктан эмес. 1861-жылы чыккан И. Баховендин «Эненин укугу» китебинде, гинекратиялык доордун негизги кыймылдаткыч принцибин ачып берип, бир жагынан анын жашоосунун өткөн баскычтары, экинчи жагынан маданияттын кийинки баскычтары, менен болгон байланышын көрсөтөт [4]. Ал адам табиятынын терең архаикалык катмарын, анын эненин курсагындагы ал-

гачкы байланышын, күнгө тийиштүү эркек, теллургиялык башаттардын күрөшүн ачыктайт.

“Алгач адамзатты цивилизацияга көтөргөн байланыш, түрдүү изгиликтердин өнүгүүсүн биринчи чекити болуп кызмат кылуу болумунун айкөл мүнөзүн калыптандырган бул – эне сыйкыры; зомбулук толгон жашоодо ал чыныгы кудайдын сүйүүсүндөй, биригүү жана тынчтыктын башталмасы катары чыгат” – деп жазган И. Бахофен.

Карама-каршылыктуулук адамдын негизги мүнөздөмөсү, анда жекечилик менен жамааттыктын, күн менен жердин космостук күрөшү жүрүп турат. И. Бахофен мындай дейт: “Баласын өстүрүп жатып аял, эркекке караганда, анын сүйүүсү өзүнүн «Менинен» ашып, башка жанга өтөөрүн жана рухунун болгон ойлоп табуучулук жөндөмү анын болумунун мүмкүн болушунча сактоого жана жакшыртууга багытталганын эрте түшүнөт” [4]. Эми маданияттын өркүндөөсү – өзүнөн баш тартуу (курмандык), бүт камкордук жана өлгөндү жоктоп ыйлоо – мунун баары аялдан башталат. Энеликтен улам жаралган сүйүү, жөн гана ынак эмес, ал кеңири жана жалпылыктуу. Эгер аталык башатта чектелгендик жатса, энеликте – жалпылык орун алган.

Тукум улаган энеликте бардык адамдардын бир туугандыктын башааты жатат жана патриархаттын пайда болуусу менен аны таануу жоголот. Атанын укугуна негизделген үй-бүлө, обочолонгон организмге айланып, өз алдынча болот. Энелик укукка негизделген үй-бүлөдө, тескерисинче, өнүгүүнүн баарына негиз болгон жана материалдык жашоону жогорку руханий жашоодон айырмалаган жалпылык мүнөздүү [5].

И. Бахофендин изилдөөлөрүнө ылайык, эзелки адам тарыхында кандаш тууганчылыкты эне бутагы аркылуу гана аныктоо мүмкүн болгон. Ошондуктан аял-эне уруунун дагы, жалпы коомдун дагы башкаруучусу жана эреже жаратуучусу болуп калган. Бул үй-бүлөнүн, коомдун, диндин түзүлүшүнөн байкалган. И.Бахофен, мисалы, байыркы гректердин ишениминде Олимп кудайларына чейин ургаачы башатты чагылдырган кудайлар болгонун аныктаган. Ушундан улам, негизги балуулуктары – жер менен байланыш жана кандаш тууганчылык; эң манилүү мүнөздөмөсү катары жаратылышты эриш-аркак кабылдоо жана аяр мамиле кылган матриархалдык типтеги маданият түзгөн.

И. Бахофен «Матриархалдык маданиятта адамдардын теңдиги табигый нерсе, анткени алардын баары – Жер-Эненин балдары. Эненин балдарын татыктуулугуна, жетишкендиктерине же жолу болбогонун шарт кылбай баарын тең сүйгөн, маданияттын бул түрү сүйүүгө негизделген өзөктүк баалуулук. Аял үчүн адам өмүрүнөн маанилүү эч нерсе жок, адам бакытынан башка максат жок», - деп эсептейт [4].

Адамдын биологиялык жынысынын (же анын сексуалдуулугунун) маданиятка кандай тиешеси бар? Гректердин «маданият» түшүнүгүндө кудайлар дүйнөсү жана жердин жашоосу бөлүнгөн. Дүйнөдөгү бардык окуялар жогорку күчтөрдүн аракеттерине байланыштуу болуп, адамдын өмүрү жана кыймыл-аракеттери алардын эркинен көз каранды болгон.

Структурализмдин негиз салуучуларынын бири, француз антропологу жана социологу Клод Леви-Стросс маданият формалары адамдын муктаждыктарын канааттандырууга байланышкан иш-аракеттери менен гана аныкталбайт деп эсептеген. Маданият формаларынын көп түрдүүлүгүнүн артында өзгөчө өнүгүү логикасы бар бейаңдуу түзүлүштөр турат. Түпкү «психологиялык» формалар мифтердин чагылышы. Ошол эле учурда, ал мифтик аң-сезимден тилде жана ырым-жырымдарда сакталып калуучу логико-формалдык түзүлүштөрдү таап, антропологдордун архаикалык ой жүгүртүүсү көбүн эсе эмоционалдык мүнөзгө ээ деген божомолуна күмөн санайт.

Биздин көз карашыбызда абсурддуу көрүнгөн, мисалы, тотемизм же тууганчылык мамилелеринин негизинде менталдык түзүлүштөр жатат жана алар цивилизациянын андан жогорку өнүгүү баскычтарында жоголбойт. Мунун менен Леви-Стросс маданияттын өсүшүн тилде жана коммуникация системаларында сакталып калуучу суперперсоналдык системалардын, жалпы социомаданий маанилердин калыптанышы менен байланыштырат [6].

Бул жерде белгилер (символдор) конкреттүү – сезимдик элестер менен абстрактуу түшүнүктөрдү байланыштырган ойлонуу түзүлүштөрүнүн «ортомчу» элементинин ишин аткарат. Адамдарды «негизги муктаждыктар» эмес, түрдүү шарттарда этникалык өзгөчөлүктөргө ээ болуучу бейаңдалуулуктун жалпы түзүлүштөрү «бириктирет». Маданияттын келип чыгышы, адамдын рефлексивдүү болумунун өнүгүшүү, өзүн-өзү сезүүсү, айлана-чөйрөнүн маанисин издей баштоосу менен байланыштырылат.

Адамдын өзүн эркек же аял катары сезиши бирдей баалуу жана уникалдуу. Адамдын турмуш тажрыйбасы белгилүү текстке, элестердин символикалык системасына, маанилерге айланат. Тил аркылуу адам тажрыйбасын кийинки муундарга бере алат. Ушундай жол менен маданият тажрыйба катары муундан-муунга өтүп, адамдын эсинде миф түрүндө сакталып калат.

Гендердик идеологиялардын жана аларга байланыштуу аял маданиятынын түрлөрүнүн алмашуусун адам баласынын патриархаттан матриархатка өтүү мисалынан айкын көрүнөт. Патриархаттан матриархатка өтүү Ж.Марсиронун «Сексуалдык ритуалдардын тарыхы» китебинде кеңири каралган [7]. Адамдар уруктандыруу механизмин түшүнгөндө, эркек аялдан баланы алып, аны тактыдан түшүргөн заман келген. Жер-Эне «биринчи жаратуучу» болчу. «Биринчи» сөзүнүн мааниси чоң. Аял биринчилик укугуна ээ болуп, эркекке караганда аялдарга туруктуураак

социалдык абал камсыздаган.

Башка коомдордо, эреже катары, адамдар топторго уюшуп, анын ичинде, бири-биринен сырткы көрүнүшү, жүрүм-туруму, коом алдындагы жоопкерчилиги менен айырмаланган жаш-курактык топторго аныкталган. Мындай коомдордо жекече өзгөчөлүктөрүн сактап жашоо мүмкүнчүлүгү чектелген болот. Алар жаш-курагы боюнча тыкыр стратификацияланган. Мисалы, В.В. Бочаров «конкреттүү коомдогу жаш-курактык топтордун абалы ар түрдүү. Ал социалдык-экономикалык өнүгүү (атрибуция) деңгээлинен, иштөө режиминен жана маданиятка байланыштуу болот» -дейт [8, 13-б.].

Социогенездин баштапкы баскычтарында, мисалы, улуу муундардын үстөмдүгү мүнөздүү. Бул көрүнүш социалдык өзгөрүүлөрдүн динамикасы төмөн болгон (б.а. сенек коомдор) коомдорго, ошондой эле, конфуциандык-азия маданиятына дагы тиешелүү. Өзүн-өзү реализациялоо – адеп-ахлактык, руханийлүүлүк, эркиндик, жоопкерчилик түшүнүктөрүндө камтылган, жеке адамдын жашоосуна маңыздуу, баалуу-мазмундуу баа берүү катары каралат.

Аялдын жашоо субъекти катары өнүгүшү – бул өзүн өркүндөтүү жана айкындуулугун сактоосунун калыптанышы, өзүнүн өзөгүн жоготпой учурдан алып өтүү, башынан өткөргөнүн өзүнө гана эмес, көбүн эсе башкаларга дагы багыттаган процесс. Бул стратегия мезгилдүү жашоо перспективасына, аял мерчемде белгилеген, жашоодогу күтүүлөрү менен өз дараметин заманындагы ишке ашыруусуна байланыштуу жана болгон мүмкүнчүлүктөрдүн рефлексиясына таянат. Бул А. Бандуранын «өздүк эффективдүүлүк» концепциясы менен айкалышат. Ал индивидди калыптануу абалына жана ишке карата ийгиликтүү мамиле түзө алган, өзүн болуп жаткан нерселердин эффективдүү себеби катары эсептеген, өз жашоосунун жаратуучусу болгон жигердүү ишмер жана башкаруучу сапатында карайт.

Негизи эле жашоонун маңызы кыйынчылыктарды, арсардуулукту, ооруну, кемчиликтерди, кынтыктуулукту жеңип өтүүдө жатат эмеспи. Ошол эле мезгилде, жашоонун маңызы – жашоонун жаңыча сезилишин жаратууда, адамдын жашоосундагы кыйратуучу күчкө ээ окуяларды өзүн өнүктүрүүчү процесске айландырууда жатат. Жеке мүмкүнчүлүктөргө ээ болуу жана сезүү менен жаш аял өзүнүн жеке баалуулуктарын иштеп чыга баштайт жана аларды өз жашоосунун принциптерине, жеке түшүнүктөргө айлантат.

Бул учурда аял өзүнө реалдуу жана сын көз караштуу мамиле кылганга жетишип, ага кошумча өздүгүнүн жана жана мүнөзүнүн күчтүү жана пайдалуу жактарын колдоно билип, аларды өзүнүн пайдасына жана өнүгүүсүнүн булагына айланта алат дегенди билдирет. Ушуну менен өзүн-өзү реализациялоо иш жүзүндө аялдын жашоо жолунда эң маанилүү орунду ээлейт, аны аныктайт.

Өзүн-өзү реализациялоонун өбөлгөлөрү аял жаралытылышынын башатында берилген. Анын өздүгү калыптанган сайын, өзүн-өзү реализациялоо жөндөмүнүн негизи боло баштайт. Аялдын жашоо агымы менен бирге дүйнөгө болгон көз карашы дагы өзгөрүлүп жүрүп отурат. Ал улам мурункусунан түшүнүктүү жана адекваттуу боло бериши зарыл. Бирок өз дараметин ийгиликтүү ишке ашыруунун шарты – «Мен» түшүнүгү менен дүйнө түшүнүгү өзүнүн бул дүйнөдөгү ордун туура түшүнүү жана орундуу социалдык жөндөмдөрдүн тең салмакташкан динамикалык бирдиги болуп эсептелинет.

Кандай гана болбосун өзүн-өзү реализациялоо – бул кандайдыр бир жеткиликтүүлүккө умтулуу, б.а. негизинде жалпы адамзат баалуулуктары жаткан, адамдын өз кубатын жана жөндөмдөрүн ишке ашыруу менен чектелбестен, ошондой эле мүмкүнчүлүктөрдүн туруктуу өнүгүүсүнө, өз ишмердүүлүгүнүн сапатын жогорулатууга дагы багытталган индивиддин эң жогорку деңгээлдеги муктаждыктарынын бири. Качан гана биз «Мен» концепциясын эмес, өз жаратылышыбызды таанып-билип, аны жүзөгө ашырганда чыныгы өзүн-өзү реализациялоо болот.

Гуманисттик багыттагы окумуштуулардын өкүлдөрүнүн бири – Р. Мэй туруктуу индивидди түзгөн төмөндөгү шарттарды бөлүп карайт. Биринчиси – бул адамдын эркиндиги. Анын пикиринде мурункудан алган жана чөйрөсүндөгү материалдардан өзүнүн жеке кайталангыс үлгүсүн куруу мүмкүнчүлүгү дегенди билдирет (Р. Мэй, 1994). Мунун башка жагы болуп өз жүрүм-туруму жана чечимдери үчүн алган жеке жоопкерчилиги эсептелет.

Экинчиси – жекечелик башкача айтканда, өзү менен өзү боло алуу жөндөмү. Биз өзүбүзгө өзүбүз кандай мамиле кылбасак дагы, чөйрөбүз менен болгон карым-катнаштарда өзүбүз кандай болсок, ошо бойдон калабыз. Ар бир адам уникалдуу жана кайталангыс. Максатыбыз өзүбүз менен өзүбүз өмүрү боюу кагылышпастан, өзүбүздүн табиятыбызды түшүнүп, өзүбүздү өзүбүз бар болгонубуздай кабыл алганга кайрат табууда жатат.

Үчүнчүсү – социалдык интеграциялангандык. Р.Мэй, иидивид үчүн коомго ылайыкташуу жөндөмү зор мааниге ээ, анткени ал башка жекечеликтүү индивидуумдардан турган дүйнөдө жашайт – деп эсептейт. Бирок бул жекечеликтен баш тартуу дегенди түшүндүрбөйт. Анткени адамдын социалдык интеграциялanышы тереңдеген сайын, эго-борбордуу жана антисоциалдык инстинктивдүү каалоолорун ооздуктап, анын кайталангыс жекечелигин көрсөтүү мүмкүнчүлүгү арта берет. Өз жүзүн жогото зөөкүрдүккө берилип, турмуштун түбүнө түшөбү же аң-сезимдин туу чокусуна чыгып, түбөлүктүк менен маек курабы, баары адамдын өз колунда.

Төртүнчүсү – адамдын руханий дүйнөсү [9, 102-б.]. Өзүн-өзү реализациялоо – субъекттин өзүн жана айлана-чөйрөсүн өнүктүрүүгө багытталган муктаждыктарын, максаттарын жана пландарын жүзөгө ашырууга умтулуусун түшүндүрөт. Адамдын өзүн өнүктүрүүсү жана дараметин ишке ашыруусу жеке инсандык түшүнүктөрүнүн жетегинде жүрөт.

Өзүнүн ички дүйнөсүн жана сырткы дүйнө менен мамилесин түзүп жатып, адам өз пландарын түзөт. Ыкмаларды жана терминдик аныктамаларды «өзүнө чактап көрүп», ал «өзүн», өз келечегин, өз мейкиндигин калыптандырат. Ошол эле учурда, ал анын кыялдарынан, балачагындагы маанилүү эскерүүлөрүнөн, калоолорунан, мифологиялык жана жомоктук сюжеттерден түзүлгөн сценарийди карманат.

**Адабияттар:**


1. Фромм Э. Искусство любить [Текст] / Э. Фромм. - СПб. 2006.
2. Фромм Э. Искусство быть [Текст] / Э Фромм. - М., 2014.
3. Фромм Э. Иметь или быть? [Текст] / Э. Фромм. - М., 2019.
4. Баховен И. Материнское право [Текст] / И.Баховен // Классики мирового религиоведения: антология. - М., 1996.
5. Баховен И. Матриархат // [Текст] / И. Баховен; перевод и коррекция И.Сахарчук; общ. редакция А.Часовски // Сборник эссе, автобиографические очерки. - М., 2018.
6. Леви-Стросс К. Структурная антропология [Текст] / К.Леви-Стросс; пер. с фр. В.В. Иванова. - М., 2001.
7. Марсиро Ж. История сексуальных ритуалов [Текст] / Ж.Марсиро. - М., 1998.
8. Бочаров В.В. Антропология возраста: Уч. пос. - СПб.: 2000.
9. Мэй Р. Человек в поисках себя [Текст]. - М., 2015.